КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 10-июну** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

# №1 ТОКТОМУ

**Үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби тууралуу Жобону бекитүү жөнүндө.**

2022-жылдын 24-февралындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин ПЖ №54 Жарлыгын жана Күмүштак айыл аймагынын үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобосунун долбоорун угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Күмүштак айыл аймагында үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин. (Жобо тиркелет).

2. 2022-жылдын 24-февралындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин ПЖ №54 Жарлыгын аткаруу максатында төмөндөгү комиссия курамы түзүлсүн:

- Комиссиянын курамынын төрайымы - Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары- жооптуу катчы - Ж.К.Качыбекова;
- Комиссиянын курамынын катчысы жана мүчөсү - айылдык кеңештин жооптуу катчысы - С.С.Саткыналиева;
- Мүчөлөрү:
- Айыл өкмөтүнүн социалдык коргоо жана социалдык-маданий маселелери боюнча жетектөөчү адиси А.С.Даниярова;
- Айыл аймагынын социалдык маселер боюнча адиси А.С.Жузупбекова;
- Бакай-Ата райондук ички иштер бөлүмүнөн Күмүштак айыл аймагына бөлүнгөн милициянын кызматкерлери Мелисбеков Илгиз жана Эшманбетов Нурлан;
- Айыл аймагынын китепканачылары Г.Куланбаева жана Э.Сманалиева;
- Айыл аймагынын маданият үйлөрүнүн жетекчилери Т.Сатаев жана А.Сулайманов;
- Айыл аймагынын айыл башчылары Дж. Айтиаев жана Г.Бегалиева;
- Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун башкы дарыгери Ч.Калдаралиева;

- Бакай-Ата райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын кызматкерлери Султанбек кызы Э., А.Асранова:
- КААБтын мүчөлөрү (аксакалдар сотунун төрагасы, ардагерлер кеңешинин төрагасы, аялдар кеңешинин төрайымы, жаштар комитетинин төрагасы).
- Айыл аймактардын имамдары Ж.Жумакеев, Э.Бактыбаев, Т.Калыбаев, Аппас уулу.Н.

3. Түзүлгөн комиссия курамына бекитилген Жобо боюнча айыл аймактын калкына түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана тааныштыруу жагы милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

Бекитемин:________________

Төрага: Мамыралиев А.Т.
Күмүштак айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кенешинин I чакырылышындагы депутаттарынын 2024-жылдын 10-июнундагы VI сессиясынын №1 токтому менен бекитилген

**Күмүштак айыл аймагында үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо.**

## I. Ушул Жобонун максаттары жана милдеттери

1. Ушул Жобонун максаты Күмүштак айыл аймагынын тургундарынын социалдык кызыкчылыктарын коргоо жана жарандардын экономикалык кызыкчылыктарына жана жашоосундагы моралдык бекемдигине олуттуу зыян келүүчү ашыкча чыгашаларга жол бербөө боюнча чараларды белгилейт. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгынын негизинде иштелип чыкты.

2. Ушул Жобонун милдеттери Күмүштак айыл аймагында үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү, ошондой эле калктын, өзгөчө жаштардын алардын маңызын жана барктуулугун туура түшүнүүнү, калыптоону тартипке келтирүү болуп саналат.

## II. Жобонун таасиринин чектери

1. Бул Жобонун таасири Күмүштак айыл аймагындагы баардык мамлекеттик органдарга жана ведомстволук караштуулугу жана менчик формаларына карабастан уюмдарга, мекемелерге, ишканаларга жана жеке адамдарга, анын ичинде чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жайылтылат.

## III. Жободогу колдонулуучу негизги түшүнүктөр

1. Ушул Жободо төмөнкү негизги түшүнүктөр жана алардын аныктамалары колдонулат:

- **Үй-бүлөлүк салтанаттар (туулган күн, тушоо кесүү, бешик той, сүннөт той, үйлөнүү той ж.б.у.с.)** – бул адамдардын кичи тобунун же көп сандаган элдин көңүл ачуучу салтанаттуу мүнөздөгү иш-чарасы.

- **Маркумдардын элесине арналган иш-чаралар** – каза болгон адамдын элесине арналган иш-чаралары, анда негизги болуп эскерүүнүн белгилүү бир мөөнөттөрүндө тууганлары тарабынан маркумдун үйүндө же тамактануу жайларында өткөрүлүүчү жалпы тамактануу иш-чарасы.

## IV. Үйлөнүү үлпөт той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү үчүн жоопту органдар

1.Ушул Жобону ишке ашыруу үчүн Күмүштак айыл өкмөтүнүн алдында жергиликтүү туруктуу комиссия түзүлөт.

2. Комиссиянын курамында Кумуштак айыл өкмотүнүн аппаратынан, Бакай-Ата райондук ички иштер бөлүмүнөн Кумуштак айыл аймагына бөлүнгөн милициянын кызматкерлеринен, маданият бөлүмүнөн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунан, эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынан, коомчулуктан КААБтын мүчөлөрү (аксакалдар сотунан, ардагерлер кеңешинен, аялдар кеңешинен, жаштар комитетинен), коммерциялык эмес жана башка уюмдардын окулдөрү кирет. Комиссиянын курамын айылдык кеңешинин төрагасы бекитет.

3. Комиссия төмөндөгүдөй функцияларды аткарат:

- Маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды жана башка үй-бүлөлүк иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкорчулукка жол бербөө жөнүндө калк арасында кенири маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү уюштурат:

- Каада-салттарды, салтанаттарды, үрп-адаттарды жана маркумга арналган башка иш чараларды тартипке келтирүү маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандардын жана коомдук институттардын натыйжалуу өз ара аркеттенүүсүн камсыз кылат:

- Турмушта жалпы кабыл алынган адеп-ахлактык ченемдери, үрп-адаттарды жана элдик каада-салттарды сыйлоо багытындагы бардык аракеттерди көрөт:

- Үйлөнүү үлпөт тойлорду, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды ушул Жобонун талаптарына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык өткөрүүнү контролдоону жүзөгө ашырат:

- Үйлөнүү үлпөт тойлорду, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү боюнча калктын арасында агартуучулук жана үгүттөөчүлүк иштерди уюштуруу:

- Үйлөнүү үлпөт тойлорду, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү боюнча мыкты тажрыйбаларды үгүттөө;

- Үйлөнүү үлпөт тойлорду, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укутук актыларды аткарууну талап кылуу.

Комиссиянын чечимдери мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда кворум болсо добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калса комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болуп эсептелинет. Комиссиянын протоколуна комиссиянын төрагасы жана жыйынга катышкан мүчөлөрү кол коюшат.

**V. Үйлөнүү үлпөт той, үй-бүлөлүк салтанаттар**

1.Үй-бүлөлүк салтанаттар150гө чейинки адамды чакыруу менен жүргүзүлөт.

2. Үйлөнүү үлпөт той салтанаттар 200го чейинки адамга банкет менен бир күндүн ичинде өткөрүлөт. Той салтанатында чакырылган конокторго кийит кийгизүү, белек берүүлөргө тыюу салынат.

3. Жарандык абалдын актыларын каттоо органдарына никелешүүнү мамлекеттик каттоо салтанаты 3төн ашык эмес жеңил автомашинасын колдонуу менен өткөрүлөт.

4. Себет, түштөндүрүү, кыз узатуу, 50 жашка чейинки юбилейлик тойлорду өткөрүүгө тыюу салынат.

## VI. Маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш чаралар

1.Маркумду акыркы сапарга узатуу катышуучулардын санын чектоосуз жана ири мүйүздүү кара мал жана жылкы союлусуз өткөрүлөт. 2 кой сойгонго уруксат берилет.

2. Маркумдун элесине арналган иш-чараларды (кир жуулу, үчүлүк, жумалык, 52 күндүк) өткөрүүгө тыюу салынат. 40 ашы менен ашын өткөрүүгө тыюу салынбайт (уруксат берилет).

3. Маркумду акыркы сапарга узатууга азык-түлүк, кийим кече, кийит, жыртыш бет арчуу (платочка) жана башкаларды алып барууга тыюу салынат.

4. Кабырдын үстүнө оор эстелик коюуга жана курууга, аны темир жана башка материалдар менен тороого тыюу салынат.

5. Кабырды даярдоодо жер үнөмдөлсүн.

## VII. Үйлөнүү үлпөт той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүгө талаптар

1. Үйлөнүү үлпөт тойлорду, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү турак үйлөрдүн аянттарында (короолорунда), жеке үйлөрдө же ресторандарда, кафелерде, ашканаларда жана үйлөнүү-үлпөт залдарында коомдук тартиптин талаптарын сактоо менен өткөрүлөт.

2. Үйлөнүү үлпөт той, үй-бүлөлүк салтанаттар эс алуу күндөрү саат 8.00дөн 23.00 чейин, ал эми жумушчу күндөрү саат 18.00дөн 22.00 чейин жүргүзүлөт.

## VIII. Ушул Жобону бузгандык үчүн жоопкерчилик

1.Жеке жана юридикалык жактар ушул Жобонун талаптарын сактабагандыгы үчүн Аксакалдар сотунда жоопкерчиликке тартуу жөнүндөгү маселеси каралат.

## IX. Корутунду Жоболор

1.Жеке жана юридикалык жактар үйлөнүү үлпөт тойлорду, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумду элесине арналган иш-чараларды ушул Жобонун талаптарын сактоо менен өткөрүүгө милдеттүү.

2. Комиссиянын чечимдери боюнча нааразы тарап Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык соттук тартипте даттанууга укуктуу.

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КҮМҮШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

2024-жылдын 10-июну — Боо-Терек айылы

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

## №2 ТОКТОМУ

**"Күмүштак" муниципалдык ишканасына караштуу Күмүштак айыл аймагындагы чоң Талас каналынын жээгинде жайгашкан №833 контурдагы "Котормо" массивиндеги суугат суу сордуруучу насосун Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы Министрлигине караштуу суу ресурстары кызматына өткөрүп берүү жөнүндө**

"Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматованын сунушун жана Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы Министрлигине караштуу суу ресурстары кызматынан 2024-жылдын 21-майында келген №03-16/1068 чыгыш саңдуу катын карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагындагы чоң Талас каналынын жээгинде жайгашкан №833 контурдагы "Котормо" массивиндеги суугат суу сордуруучу насосу жана ошондой эле суу сордуруучу курулмасынын астындагы жер аянты айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алынып, Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы Министрлигине караштуу суу ресурстары кызматынын карамагына өткөрүлүп берилсин.
2. Тиешелүү документ, иш кагаздарын даярдоо жагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Надырбаевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — Мамыралиев А.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

2024-жылдын 10-июну | Боо-Терек айылы

Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл
аймагынын айылдык кеңешинин
I чакырылышындагы депутаттардын
VI сессиясынын

# №3 ТОКТОМУ

**"Күмүштак" муниципалдык ишканасына караштуу Күмүштак айыл аймагындагы чоң Талас каналынын жээгинде жайгашкан №976 контурундагы жайыт жерлерине караштуу жерге орноштурулган "Жал", "Культурный" массивдерин гейлеген суутат суу сордуруучу насосун Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы Министрлигине караштуу суу ресурстары кызматына өткөрүп берүү жөнүндө**

"Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматованын сунушун жана Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы Министрлигине караштуу суу ресурстары кызматынан 2024-жылдын 21-майында келген №03-16/1068 чыгыш сандуу катын карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагындагы чоң Талас каналынын жээгинде жайгашкан №976 контурундагы жайыт жерлерине караштуу жерге орноштурулган "Жал", "Культурный" массивдерин гейлеген суутат суу сордуруучу насосу жана ошондой эле суу сордуруучу курулмасынын астындагы жер аянты айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алынып, Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы Министрлигине караштуу суу ресурстары кызматынын карамагына өткөрүлүп берилсин.

2. Тиешелүү документ, иш кагаздарын даярдоо жагы "Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.М.Садырбаевге милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Мамыралиев А.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

2024-жылдын 10-июну

Боо-Терек айылы

Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын

# №4 ТОКТОМУ

**Боо-Терек айылындагы Дрен, Жики-Арык, Кулубай-Арык каналдарын жана Котормо массивиндеги арыктарды каздырууга акча каражат бөлүп берүү жөнүндө.**

"Күмүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматованын Боо-Терек айылындагы каналдарды жана арыктарды каздыруу жөнүндөгү сунушун угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Боо-Терек айылындагы Дрен, Жики-Арык, Кулубай-Арык каналдарын жана Котормо массивиндеги арыктарды каздыруу үчүн Күмүштак айыл өкмөтүнүн бюджетинен 260000 (эки жүз алтымыш миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөт башчысы З.Надырбаевге жана Күмүштак айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Душенкуловага жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Мамыралиев А.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

2024-жылдын 10-июну — Боо-Терек айылы

Бакай-Ата районунун Кумуштак айыл
аймагынын айылдык кеңешинин
I чакырылышындагы депутаттардын
VI сессиясынын

## №5 ТОКТОМУ

**Жайыт жана таштанды төлөмдөрүн Кумуштак айыл өкмөтүнүн аткаруу планынан алып салып "Кумуштак" муниципалдык ишканасына аткарууга өткөрүп берүү жөнүндө**

Жайыт жана таштанды төлөмдөрүн Кумуштак айыл өкмөтүнүн аткаруу планынан алып салып "Кумуштак" муниципалдык ишканасына аткарууга өткөрүп берүү жөнүндөгү маселени угуп, карап чыгып, талкуулап, Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кумуштак айыл аймагындагы жайыт жана таштанды төлөмдөрүн Кумуштак айыл өкмөтүнүн аткаруу планынан алып салып "Кумуштак" муниципалдык ишканасына аткарууга өткөрүлүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумуштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жана "Кумуштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — Мамыралиев А.

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 10-июну** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Кумуштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

## №6 ТОКТОМУ

**"Кумуштак" муниципалдык ишканасына каналдарды каздыруу үчүн атайы техника алуу боюнча Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна долбоорлорду тандоо жөнүндө**

"Кумуштак" муниципалдык ишканасына каналдарды каздыруу үчүн атайы техника алуу боюнча Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна сунушталa турган долбоорду угуп, карап чыгып, талкуулап Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Кумуштак" муниципалдык ишканасына каналдарды каздыруу үчүн атайы техника алуу боюнча долбоору жактырылып Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна сунушталсын.
2. Аталган долбоор жумушчу топ тарабынан даярдалып, Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна жөнөтүлсүн.
3. Долбоордун аткарылышын камсыздоо жагы "Кумуштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумуштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына калтырылсын.

Төрага Мамыралиев А.

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КУМУШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 10-июну** | **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Кумуштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

# №7 ТОКТОМУ

**Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна Боо-Терек, Кыргызстан жана Жон-Коргон айылдарындагы башкы суу алма курулмаларын ремонттоо иштери боюнча долбоорлорду тандоо жөнүндө**

Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна сунушталган турган Боо-Терек, Кыргызстан жана Жон-Коргон айылдарындагы башкы суу алма курулмаларын ремонттоо иштери боюнча долбоорун угуп, карап чыгып, талкуулап Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна Боо-Терек, Кыргызстан жана Жон-Коргон айылдарындагы башкы суу алма курулмаларын ремонттоо иштери боюнча долбоору жактырылып бекитилсин.
2. Аталган долбоор жумушчу топ тарабынан даярдалып, Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна жөнөтүлсүн.
3. Долбоордун аткарылышын камсыздоо жагы "Кумуштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумуштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына калтырылсын.

Төрага Мамыралиев А.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 10-июну** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

# №8 ТОКТОМУ

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги административдик имараты жайгашкан 44 сотых жер аянтынын 39 сотых жер тилкесине заманбап спорттук комплексин курууга уруксат берүү жөнүндө.**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги административдик имараты жайгашкан 44 сотых жер аянтынын 39 сотых жер тилкесине заманбап спорттук комплексин курууга уруксат берүү жөнүндөгү депутаттардын сунушун угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн (6-02-02-1001-18-19 кодировкасында) административдик имараты жайгашкан муниципалдык менчиктеги 44 сотых жер аянтынын 39 (отуз тогуз) сотых жер тилкесине заманбап спорттук комплексин куруу үчүн бөлүнүп берилсин жана курулуш иштеринин башталышына уруксат берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана жер маселелери боюнча адисине милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КУМУШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 10-июну** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Кумуштак айыл**
**аймагынын айылдык кеңешинин**
**I чакырылышындагы депутаттардын**
**VI сессиясынын**

**№9 ТОКТОМУ**

**Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна 1-Май айылындагы Көл-Түкөк каналынын 1 километр 160 метрин бетондоо боюнча долбоорлорду тандоо жөнүндө**

"Кумуштак" муниципалдык ишканасынын Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна сунушталып турган 1-Май айылындагы Көл-Түкөк каналынын 1 километр 160 метрин бетондоо иштери боюнча долбоорун угуп, карап чыгып, талкуулап Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна 1-Май айылындагы Көл-Түкөк каналынын 1 километр 160 метрин бетондоо иштери боюнча долбоору жактырылып бекитилсин.
2. Аталган долбоор жумушчу топ тарабынан даярдалып, Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна жөнөтүлсүн.
3. Долбоордун аткарылышын камсыздоо жагы "Кумуштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумуштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына калтырылсын.

Төрага Мамыралиев А.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

2024-жылдын 10-июну | Боо-Терек айылы

Бакай-Ата районунун Кумүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын

## №10 ТОКТОМУ

**Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна 1-Май айылындагы Кара-Сай арыгынын 1 километрин бетондоо боюнча долбоорлорду тандоо жөнүндө**

"Кумүштак" муниципалдык ишканасынын Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна сунушталып жаткан 1-Май айылындагы Кара-Сай арыгынын 1 километрин бетондоо иштери боюнча долбоорун угуп, карап чыгып, талкуулап Кумүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна 1-Май айылындагы Кара-Сай арыгынын 1 километрин бетондоо иштери боюнча долбоору жактырылып бекитилсин.
2. Аталган долбоор жумушчу топ тарабынан даярланып, Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна жөнөтүлсүн.
3. Долбоордун аткарылышын камсыздоо жагы "Кумүштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына калтырылсын.

Төрага | Мамыралиев А.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КУМУШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

2024-жылдын 10-июну

Боо-Терек айылы

**Бакай-Ата районунун Кумуштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

## №11 ТОКТОМУ

**Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна Кыргызстан айылындагы 5-шабадагы (Р-5) 3 километр 145 метр арыкты жана 1-Май айылындагы 9-шабадагы (Р-9) 1 километр 195 метр арыкты бетондоо боюнча долбоорлорду тандоо жөнүндө**

"Кумуштак" муниципалдык ишканасынын Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна сунуштала турган Кыргызстан айылындагы 5-шабадагы (Р-5) 3 километр 145 метр арыкты жана 1-Май айылындагы 9-шабадагы (Р-9) 1 километр 195 метр арыкты бетондоо иштери боюнча долбоорун угуп, карап чыгып, талкуулап Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна Кыргызстан айылындагы 5-шабадагы (Р-5) 3 километр 145 метр арыкты жана 1-Май айылындагы 9-шабадагы (Р-9) 1 километр 195 метр арыкты бетондоо иштери боюнча долбоору жактырылып бекитилсин.

2. Аталган долбоор жумушчу топ тарабынан даярдалып, Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна жөнөтүлсүн.

3. Долбоордун аткарылышын камсыздоо жагы "Кумуштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумуштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына калтырылсын.

Төрага

Мамыралиев А.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

2024-жылдын 10-июну | Боо-Терек айылы

**Бакай-Ата районунун Кумуштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

## №12 ТОКТОМУ

**Кумуштак айыл аймагынын Боо-Терек айылына суу топтоочу бассейнин (БСР) куруу боюнча долбоорлорду тандап, тиешелүү фонддорго жөнөтүү жөнүндө**

"Кумуштак" муниципалдык ишканасынын тиешелүү фонддорго сунуштала турган Боо-Терек айылына суу топтоочу бассейнин (БСР) куруу боюнча долбоорун угуп, карап чыгып, талкуулап Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кумуштак айыл аймагынын Боо-Терек айылына суу топтоочу бассейнин (БСР) куруу боюнча долбоору жактырылып бекитилсин.
2. Аталган долбоор жумушчу топ тарабынан даярдалып, Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна жөнөтүлсүн.
3. Долбоордун аткарылышын камсыздоо жагы "Кумуштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумуштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына калтырылсын.

Төрага | Мамыралиев А.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**КУМУШТАК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУМУШТАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**2024-жылдын 10-июну** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Кумуштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

**№13 ТОКТОМУ**

**Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна Кумуштак айыл аймагындагы таштанды таштоочу жайдын тегерегин курчоо боюнча долбоорлорду тандоо жөнүндө**

"Кумуштак" муниципалдык ишканасынын Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна сунуштала турган Кумуштак айыл аймагындагы №958 контурдагы 20 сотых жерде жайгашкан таштанды таштоочу жайдын тегерегин курчоо боюнча долбоорун угуп, карап чыгып, талкуулап Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна Кумуштак айыл аймагындагы №958 контурундагы 20 сотых жерде жайгашкан таштанды таштоочу жайдын тегерегин курчоо боюнча долбоору жактырылып бекитилсин.
2. Аталган долбоор жумушчу топ тарабынан даярдалып, Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна жөнөтүлсүн.
3. Долбоордун аткарылышын камсыздоо жагы "Кумуштак" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Акматовага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумуштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына калтырылсын.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

2024-жылдын 10-июну Боо-Терек айылы

**Бакай-Ата районунун Кумуштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

## №14 ТОКТОМУ

**"Нур Телеком" ЖЧК Өүлөдүк компаниясынын антеннасын Кыргызстан айылына орнотуу жөнүндө**

"Нур Телеком" ЖЧК компаниясынан 2024-жылдын 23-майындагы айыл өкмөт башчысына келген №07 1447 сандуу катты карап чыгып, талкуулап Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "Нур Телеком" ЖЧК компаниясынын орното турган антеннасы жергиликтүү калктын тургундарына зыяндуулугун алып келбегендиги тууралуу кагаз түрүндөгү кепилдиги эске алынсын.

2. Жергиликтүү калктын тургундарына зыяндуулугун алып келбегендиги жөнүндөгү ишенелүү кепилдик иш кагаздары алынгандан кийин "Нур Телеком" ЖЧК компаниясынын антеннасын орнотууга уруксат берилсин.

3. Кыргызстан айылындагы Сейитказы көчөсүндөгү мечиттин аймагына "Нур Телеком" ЖЧК Өүлөдүк компаниясынын антеннасын орнотуу үчүн айыл өкмөтүнүн кызыкчылыгын коргоп, кымбат баада келишим түзүлүп 25 квадрат метр жер тилкесин 2 жыл 11 айга пайдаланууга бөлүнүп берилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышынын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КҮМҮШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**2024-жылдын 10-июну** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын**

## №15 ТОКТОМУ

**"Нур Телеком" ЖЧК О! уюлдук компаниясынын антеннасын Боо-Терек айылына орнотуу жөнүндө**

"Нур Телеком" ЖЧК компаниясынан 2024-жылдын 23-майындагы айыл өкмөт башчысына келген №07 1448 сандуу каты жана Боо-Терек айылынын Ж.Жуманиев көчөсүндөгү жер тилкесинин ээси А.Осмоновдун өз каалоо, макулдугун эске алып, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарынын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Нур Телеком" ЖЧК компаниясынын орното турган антеннасы жергиликтүү калктын тургундарына зыяндуулугун алып келбегендиги тууралуу кагаз түрүндөгү кепилдигин эске алынсын.

2. Жергиликтүү калктын тургундарына зыяндуулугун алып келбегендиги жөнүндөгү ишенелүү кепилдик иш кагаздары алынгандан кийин "Нур Телеком" ЖЧК О! уюлдук компаниясынын антеннасын орнотууга уруксат берилсин.

3. Боо-Терек айылындагы Ж.Жуманиев көчөсүнүн 6-02-02-1001-0751 кодировкасындагы Осмонов Абирдин үйү жайгашкан жер тилкесинин аймагына "Нур Телеком" ЖЧК О! уюлдук компаниясынын антеннасын орнотуу үчүн Осмонов Абир Эркинбекович менен келишим түзүлүп 25 квадрат метр жер тилкеси уруксат берилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышынын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**